Жобо ИТЭИнин
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол № 23/11
29.06.2023-жыл

Бекитемин
ИТЭИнин ректору
т.и.к., доцент Барпыбаев Т.Р.
_________ 2023-ж.

**ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУНУН (ИТЭИ) КУРСТУК ИШТЕР (ДОЛБООР) ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Инновациялык технологиялар жана энергетика институтундагы багыттардын окуу планында кээ бир дисциплиналар боюнча студенттер тарабынан курстук иштерди (долбоорлорду) аткаруу каралган. Курстук иштерди (долбоорлорду) аткаруу студенттин өз алдынча ишинин бир түрү катары каралуу менен теориялык билимин бекемдөөгө, кесиптик ык-көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт;

1.2. ***Курстук иш*** – бул жалпы теориялык жана атайын дисциплиналарды өздөштүрүүдө алган билимдерин көрсөтүү менен бекемдөөгө, практика учурунда адистиги боюнча калыптандырган билгичтик менен көндүмдөрүн илим-изилдөө жана практикалык жумуштарында колдонуу менен өз алдынча аягына чыкккан изилдөө;

1.3. ***Курстук долбоор*** – бул тандап алган көйгөйдү (кырдаалды), предметти жана объектини системалуу талдоодон келип чыккан практикалык маселелерди чечүүгө илимий жактан негизделген өз алдынча аягына чыкккан изилдөө;

1.4. Студенттердин өз алдынча жүргүзгөн илимий изилдөө иштери атайын теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн текшерүү жана жалпылоо, системалаштыруу максатын көздөйт. Аларда багыты боюнча актуалдуу маселелерди коюу жана аларды чечүүнүн жолдорун сунуштоо, автордун эрудициясы жана көйгөйдү талдоо жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алуу, өз алдынча жыйынтык чыгаруу.

**2. Курстук ишти (долбоорду) аткаруунун тартиби**

2.1. Курстук иш (долбоор) тиешелүү багыттардын бөлүмдөрү тарабынан жеке дисциплина боюнча иштелип чыккан жобонун негизинде аткарылат;

2.2. Курстук ишти (долбоорду) аткаруунун биринчи этабы болуп теманы тандоо жана аны талдоо эсептелет. Тандап алган тема боюнча тиешелүү зарыл адабияттарды топтоо, аларды иликтөө менен маселе коюу, талкуулоо жана чечүү сыяктуу суроолорду өзү үчүн аныктап алат. Адабияттардын булактарына мыйзам жана укуктук-ченемдик актылар, монографиялар, тактамалык жана илимий адабияттар, статистикалык маалыматтар жана мезгилдүү басылмалардын маалыматтары кирет;

2.3. Курстук ишти (долбоорду) аткарууда студент жетекчи-окутуучу (сонуңда-окутуучу) менен темада коюлган маселедеги суроолор боюнча изилдөөгө тиешелүү көйгөйдү тактайт, планды түзүүнү макулдашат. Студенттин курстук ишине (долбооруна) жетекчи болгон окутуучу илимий жана методикалык жардам берет, системалуу түрдө иштин аткарылышын көзөмөлдөйт, тиешелүү түзөтүүлөдү киргизет, тигил же бул чечимдерди максатка ылайыктуулугу тууралуу жана курстук иштин (долбоордун ) натыйжалуулугу тууралуу сунуштарды берет.

2.4. Курстук иш (долбоор) окуу планында каралган мөөнөттө аткарылып, сессиянын алдынан эки жума мурун коргоого коюлат;

2.5. Даяр болгон курстук ишке (долбоорго) пикир берилет, анда курстук иштин (долбоордун) коюлган талаптарга дал келүүсү, мазмуну жана түзүлүшү, өз алдынчалык деңгээли, сунуштардын жана натыйжалардын практикалык жана теориялык маанилүүлүгү, ошондой эле сабаттуулугунун

деңгээли (жалпы жана атайын) бааланат. Пикирде курстук иштин (долбоордун) оң сапаттары жана кемчиликтери белгиленет (1-тиркеме);

2.6. Эгерде ренцензенттин оюу боюнча курстук иш (долбоор) канааттандырарлык эмес бааланып, кайра карап чыгууга сунушталса, анда рецензияда кандай кемчиликтер бар экендиги жана эмнени оңдоо керектиги көрсөтүлөт;

2.7. Тиешелүү багыттардын бөлүмү тарабынан курстук иш (долбоор) бекитилген жадыбал боюнча коргоого коюлат. Курстук ишти (долбоорду) коргоодо студент максатты белгилөөгө, иштин (долбоордун) мазмунун кыска баяндоого милдеттүү, комиссия мүчөлөрүнүн суроолоруна жана рецензенттин пикирине так жооп берет. Коргоонун жыйынтыгы жана аткаруунун сапаты боюнча студентке баа коюлат. Курстук ишти (долбоорду) коргоодо дифференцирленген баа коюлат: «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык» жана «канааттандырарлык эмес»;

2.8. Курстук ишти (долбоорду) коргоону кабыл алуу боюнча комиссиянын курамын үч адам түзөт;

2.9. Курстук ишти (долбоорду) аткаруу боюнча атайын методикалык иштелмелер иштелип чыгат, анда курстук ишти (долбоорду) аткарууга коюлган талаптар, тартиби, деңгээли каралат;

2.10. Курстук иш (долбоор) коргоодон кийин акты менен архивге тапшырылат.

## 3. Курстук иштин (долбоордун) темасын тандоо

3.1. Курстук иштин (долбоордун) темасын тандоо - аны жазууда маанилүү учурдун бири болуп эсептелет. Студент өзүнүн кесиптик жана илимий кызыкчылыгына карата багыттын бөлүмү сунуштаган, жетектөөгө дайындалган окутуучу менен макулдашылган же өзүнүн жеке темасын киргизүү менен тандоо укугуна ээ.

## 4. Курстук иштин (долбоордун) түзүлүшү

4.1. Курстук иштин (долбоордун) түзүлүшү тандап алган теманы жана анын элементтерин ачып берүүгө жардам берет. Курстук иштин (долбоордун) бардык бөлүктөрү өз ара логикалык удаалаштыкты жана байланышты камтышы керек;

4.2. Курстук иштин (долбоордун) түзүлүштүк элементтери болуп эсептелет:

- титулдук бет
- мазмуну
- киришүү
- негизги бөлүмдүн главалары
- корутунду
- пайдаланылган адабияттар
- тиркемелер

4.3. Курстук иштин (долбоордун) биринчи бети болуп үлгү боюнча жасалгаланган титулдук бет эсептелет (2-тиркеме);

4.4. Экинчи бети болуп мазмуну эсептелет. Мазмуну главаларды, бөлүмдөрдү, бөлүмчөлөрдү камтышы мүмкүн;

4.5. Пландын милдеттүү элементтери болуп киришүү, жыйынтыктоо жана адабияттардын тизмеси эсептелет;

4.6. Курстук иштин (долбоордун) киришүүсүндө тандап алган теманын актуалдуулугу, анын иштелип чыккан деңгээли, максаты жана маселелери, материалдар, мүмкүнчүлүгүнө жараша теориялык жана практикалык маанилүүлүгү чагылдырылат. Киришүү 2-4 беттен турат;

4.7. Курстук иштин (долбоордун) теориялык бөлүмү адабияттарды иликтөөнүн негизинде теория менен практикада көйгөйдүн иштелип чыккан деңгээлин, суроонун тарыхын камтыйт. Бул этапта студент билимин өз алдынча сабаттуулук менен, өзүнүн сөзү менен билдириши керек. Пайдаланган адабиятын сөзмө-сөз көчүрүүгө уруксат берилбейт. Бирок колдонулган булакка карата шилтеме жасай алат жана ал сөзсүз көрсөтүлүшү керек.

4.8. Курстук иштин (долбоордун) практикалык бөлүмү статистикалык маалыматтарга жана практикалык изилдөөлөргө негизделиши керек. Курстук иштен курстук долбоор айырмаланып актуалдуу маселелерди чечүүгө багытталышы мүмкүн; долбоордук чечимдердин, сунуштардын жана көрсөтмөлөрдүн эффективдүүлүгүн, аныктыгын, конкреттүүлүгүн, далилдүүлүгүн, негиздүүлүгүн чагылдырат; жогорку теориялык деңгээлин жана чыгармачылык мүнөзүн; конкреттүү өндүрүштүн (ишкана-мекемелердин) материалында аткарылат. Бул бөлүм үчүн материалдарды топтоо менен пландык жана отчеттук мезгилдерде топтолгон көрсөткүчтөрдүн жыйындысы катары кароого болбойт. Коюлган маселени терең изилдөө менен ошол өндүрүштүн (ишкана-мекеменин) өзгөчө ишмердүүлүгүн иликтөө зарыл. Иликтенип жаткан көйгөйдү чечүүнүн жолдорун өркүндөтүү багыттары, аны өнүктүрүүнүн перспективасы каралышы керек.

Топтолгон материалдарды системалаштыруу аркылуу аларды жалпылоо, калыптандыруу, жыйынтыктарын чыгаруу жана сунуштарды берүү каралат. Курстук иштин (долбоордун) сапаты колдонулган материалдардын саны менен эмес, аларды пайдалануунун деңгээлинде өз алдынча суроолорду кайра иштетүү, жаңычылыктын элементтери, сунуштар менен жыйынтыктардын оригиналдуулугу жана негиздүүлүгү менен аныкталат.

4.9. Корутундуда автор тарабынан негизги жыйынтыктар жана сунуштар чыгарылат, сунуштарды ишке ашырууда социалдык же экономикалык эффективдүүлүгү көрсөтүлөт;

4.10. Пайдаланылган адабияттардын булагына курстук иште (долбоордо) колдонулгандары гана кирет. Колдонулбаган адабияттар киргизилбеши керек;

4.11. Тиркемеде кошумча жана жардамчы материалдар камтылат.

## 5. Курстук иштин (долбоордун) жасалгаланышы

5.1. Курстук иш (долбоор) компьютерде же кол жазма түрүндө жазылат. Эгерде компьютерде терилсе анда кагаздын өлчөмү – А4 (21x29,7 см); талаа: үстүнөн-2,5 см, төмөн жагы-2 см, сол жагы-3 см, оң жагы-1,5 см; шрифт-TimesNewRoman; шрифтин өлчөмү-14; кызыл сызык-0,5-1,5 см; саптар ортосундагы аралык-1,5 см; тегиздөө туурасы боюнча. Кол жазма түрүндө жазууга да уруксат берилет. А4 форматтагы кагаздын бир жагына тыкандык менен таза жазылат. Курстук иштин (долбоордун) көлөмү басма түрүндө болсо-25-30 беттен, кол жазма түрүндө-30-35 беттен турат. Кол жазма түрүндө жазган калемдин бир түстүүсү колдонулат (көк же кара). Текстин тыгыздыгы бир калыпта болушу керек.

5.2. Титулдук бет курстук иштин (долбоордун) биринчи бети болуп эсептелет.

5.3. Курстук иштин (долбоордун) ар бир главасы же бөлүмү жаңы беттен башталат. Бөлүмчөлөрдө сөздөрдү ташымалдоого болбойт. Бөлүмчөнүн аягында чекит коюлбайт. Бөлүмчө эки сүйлөмдөн турса, алар чекит аркылуу ажыратылат.

5.4. Беттер цифра менен номерленип, беттин ортосуна жазылат. Титулдук бетке номер коюлбайт. Беттердин жана тиркемелердин номерлери удаалаш болот. Тиркемелер иштин жалпы көлөмүнө кирбейт.

5.5. Курстук иштин (долбоордун) текстине керектүү гана таблицаларды киргизүү керек. Таблицанын алдынан анын аталышы белгиленет, алар араб сандары менен белгиленет. Таблицанын номери бөлүмдүн номери менен удаалаштыкты сактайт, мисалы, «Таблица 1.2» (биринчи бөлүмдүн экинчи таблицасы). Ар бир таблицага тексте шилтеме берилиши керек. Курстук иштеги (долбоордогу) сүрөттөр да сан удаалаштыгы менен белгиленет, мисалы «Сүр.1.2» (биринчи бөлүмдүн экинчи сүрөтү). Сүрөттөргө да тексте шилтемелер берилет.

5.6. Курстук иштин (долбоордун) бир бетиндеги текстинде үч шилтемеден ашык берилбеши керек.

5.7. Библиографиялык тизме курстук иштин (долбоордун) курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Ал жыйынтыктоодон кийин колдонулган удаалаштыгы менен жазылат.

Тиркеме 1.

**КУРСТУК ИШКЕ (ДОЛБООРГО) БЕРИЛГЕН ПИКИРДИН (РЕЦЕНЗИЯНЫН) ҮЛГҮСҮ**

**ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУ**

**ПИКИР**

1. Студенттин аты-жөнү ____________________________________________

курсу ______ тайпасы__________________ окуу бөлүмү ____________________

багыты ____________________________________________________________

2. Дисциплинасы ______________________________________________________

3. Курстук иштин (долбоордун) темасы __________________________________

____________________________________________________________________

4. Курстук иштин (долбоордун) сапатына оң баа бериши ____________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

5. Курстук иштин (долбоордун) стандартка, сабаттуу жазылышына, стилиндеги жетишпеген жактарына карата сын ____________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

6. Курстук ишке (долбоорго) берген басы ________________________________

«_____»______ 20____ ж.

Пикир берүүчүнүн аты-жөнү ______________________________________________

окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы, колу

Тиркеме 2.

ТИТУЛДУК БЕТТИН (үлгүсү)

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУ**

**КУРСТУК ИШ (ДОЛБООР)**

**"ЭКОНОМИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА" кафедрасы**

**Дисциплина**____________________________________________

**Курстук иштин (долбоордун) темасы**

______________________________________________________

**Тайпасы**__________________ **курсу** ________ **окуу бөлүмү** ________________

**Студенттин аты-жөнү** __________________________________________

**Жетекчиси:** ________________________________________________

**окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы, колу**

**Таш-Көмүр ш. 20___ ж.**